УДК 371.31.51

**Сүйүнбек К. Салтанат**
И.А. Арабаев атындагы КМУнун мектепке чейинки билим берүү технологиясы кафедрасынын магистранты
**Сүйүнбек к. Салтанат**
магистрант кафедры технологии дошколного образования КГУ им.И.А.Арабаева
**Suyunbek K. Saltanat**
Master's student Department of Preschool Education Technology of KSU named after I.A. Arabaev

# МАТЕМАТИКА БОЮНЧА ӨНҮКТРҮҮЧҮ САБАК

# РАЗВИВАЮЩИЙ УРОК МАТЕМАТИКИ

# DEVELOPING MATH LESSON

**Аннотация:** Макалада кенже тайпада математика боюнча сабагында “Чамгыр” атту орус эл жомогунун негизинде жаңыланган түрүү берилди. Жомок жана оюн аркылуу балдар бешке чейин санаганды үйрөнүп, геометриялык фигуралар, түстөр менен таанышып, мейкиндикте “алдыда”, “артта”, “өйдө”, “төмөн” деген ориентирди өздөштүрүүгө тарбиячы ар түрдү шарттарды түзөт.

**Аннотация:** В статье дано занятие по математике в младшей группе на основе русской народной сказки “Репка” на новый лад. Через сказку и игру дети учатся считать до пяти, знакомятся с геометрическими фигурами и цветами, учатся ориентировке в пространстве “впереди”, позади”, “вверху”, “внизу”.

**Annotation:** The article gives a lesson in mathematics in the younger group based on the Russian folk tale "Turnip" in a new way. Through a fairy tale and game, children learn to count to five, get acquainted with geometric shapes and flowers, learn to orientate in space “in front”, behind ”,“ above ”,“ below ”.

**Түйүндүү сөздөр:** окутуу, өнүктүрүүчү, жомок, оюн, геометриялык фигура, түстөр.
**Ключевые слова**: обучение, развивающие, сказка, игра, геометрические фигуры, цвета.
**Key words:** teaching, developing, fairy tale, game, geometric shapes, colors.

## “**Чамгыр” орус эл жомогунун жаңыланган түрүү.**

(кенже тайпасында өнүктүрүүчүү сабак)

**Программалык милдеттер:**

**Окутуу:** Бешке чейин санап үйрөтүү, геометриялык фигураларды бышыктоо (тегерек, квадрат, уч бурчтук), “ алдыда”, “артта” деген түшүнүктөр жана түстөрдү айрымалоо.

**Өнүктрүүчү:** образдуу элестөөнү калыптандыруу, көңүл буруу, оң эмоционалдуу жагдайды орнотуу, мейкиндикте ориентир алунуу үйрөтүү.

**Алдына ала иштерди жүргүзүү**: Бешке чейинки сандар менен тааныштыруу, жана “оң”, “сол”,, “өйдө”, “төмөн”, “алдыда”, “артта” деген түшүнүктөрдү жана жалпак геометриялык фигуралар менен иш жүргүзүү.

**Көрсөтмө материалдар**:

Демонстрациялоо – интерактивтүү доска. “Чамгыр” аттуу орус эл жомогунун жаңы түзүлүшүнүн атрибуттары. (эчки, короз, ит, мышык, чычкан). “Сыйкырдуу баштык”.

Таратылучуу: түстүү билеттер, жалпак геометриялык фигуралар.

**Сабактын жүрүшүү**:

**Уюштуручуу мөнөт:**

Сабактын башталышына чейинки аңгемелешүү (тарбиячы балдарды чогултуп, аларга кайрылып)

- Силер бүгүн аба ырайына көңүл бурдуңарбы?
- Ал кандай?
- Туура, күнөстүү, жылуу, мээримдүү.
- Жаз келди окшойт.
- Дагы жаратылышта эмне өзгөрүүлөр болуп жатат?
- Куштар учуп келди, күн узарды, чөп чыга баштады. Мындай күн көптөн бери боло элек эле, эшикте гана ойной бергиң келет.

(Мындай аңгемелешүү балдардын көнүлүн көтөрөт, анткени ага аба ырайы себепкер болот. Эгерде аңгемелешүүдө тарбиячы менен балдар кандайча иштөө керегин талкуулап алышса, анда сабак учурунда андай сүйлөшүүнун зарылы жок). [6. 220 б.]

**Манжаларга гимнастика (көнүгүнүү жүргүзүү)**

(Балдар текст боюнча кыймылдарды аткарышат)

Бир, эки,үч, төрт, беш

Манжалар сейлдеп чыгышты (манжаларды жайуу)

Бир, эки, үч, төрт, беш

Манжалар үйлөрүнө жашынышты (эки жолу кайталоо)

тарбиячы балдарды чогултуп сабактын темасына көңүл бурат)

**“Театрга даярданабыз”.**

**Тарбиячы** “Сыйкырдуу баштыктын” ичинен артүрдү түстүү билеттерди жана ар түрдү геометриялык фигураларды алып чыгып, бул эмне? – деп сурайт. Туура бул билеттер. Биз спектакль көргөнү барабыз. Макулбу? Анда кийнгиле (балдар пантомимо кыймылдар аркылуу театрга барууга кийинишет) билеттерди алгыла. Түстөр үстөлдүн катарын белгилейт, ал эми геометриялык фигуралар орундукту. Өзүңөрдүн оруңдарыңарды тапгыла да отургула. Азыр силерге тааныш “Чамгыр” орус эл жомогунун жаңыланган түрүн көрөсүңөр. Кана эмесе көңүл коюп уккула жана көргүлө.

“Илгери, илгери эчки, короз, ит, мышык, чычкан жашашыптыр (интерактивтүү доскада сүрөттөр көрсөтүлөт). Бир күнү эчки чамгырды жерге отургузат. Ал чоң – эң чоң болуп өсүп чыгат. Эчки чамгырды жерден үзүп алайын деп – аны тартса, ал үзүлбөйт. Эчки корозду жардамга чакырат. Короз эчкини кармап, эчки чамгырды кармап, чогуу чамгырды тартып – тартып – бирок үзүп алышпайт. Короз итти жардамга чакырат. Ит короздун артынан, короз эчкинин артынан, эчки болсо чамгырды кармап. Чогуу тартып – тартып – бирок үзүп алышпайт. Ит мышыкты жардамга чакырат. Мышык – итти, ит – корозду, короз – эчкини, эчки чамгырды кармап, тартып – тартып – бирок чамгыр дагы эле үзүлбөйт. Мышык чычканды жардамга чакырат. Чычкан – мышыкты, мышык – итти, ит – корозду, короз – эчкини, эчки – чамгырды. Тартып – тартып... Чамгырды үзүп алышат!

Силерге жомок жактыбы? Келгиле бир аз эс алып алалы!

**Физминутка** ( балдар текст боюнча кыймылдарды аткарышат)

Колдорубуз шака – шак,

Буттарыбыз така – так,
Оңго – солго ийлип,
Колдорубузду жайып,
Отурабыз тып – тынч (эки жолу кайталоо)

**Тарбиячы:**

Келгиле “Чамгыр” жомоктун каармандарын санап чыгалы ( чогуу санашып каармандардын баардыгы беш экенине жыйынтык чыгарышат).

Доскадагы сүрөткө көңүл буруп суроо бере баштайт. Короздун алдында эмне? ( эчки). Иттин артында эмне? (мышык). Мышыктын артында эмне? ( чычкан). Иттин алдындачы? (короз).Эчкинин алдындачы? (чамгыр). Жомоктун каармандары канча экен? (беш). Азаматсыңар! Баарын эстеп жана айтып бердиңер!

Геометриялык фигуралар менен иштөө.[4. б.23-24]

**Тарбиячы:**

Баштыкта бир нерселер бар окшойт? Карап көрөлүчүү? (жалпак геометриялык фигураларды алып чыгат). Бул эмне? ( үч бурчтук, төрт бурчтук же квадрат, тегерек). Келгиле биздин артистерибизге үйлөрдү куруп берели. (балдар геометриялык фигуралардан үй курушат). Кайсы геометриялык фигуралардан сен өзүңдүн үйүңдү к,23-24урдуң? ( кызыл квадраттан жана сары үч бурчтуктан). А сенчи кайсы фигуралардан өзүңдүн үйүңдү курдуң? ( балдарга кайрылып).

Тарбиячы балдарды мактап турат жана бири бирине жардам берүнүү сунуштайт.

Сабакты жыйынтыктайт.

**Тарбиячы**:

Келгиле эске түшүрөлү “Сыйкырдуу баштыкта” эмнелер бар эле (балдар геометриалык фигураларды атап чыгышат). Балдар бүгүнкү сабак жактыбы? Мен силерди барыңарды мактагым килип турат! Барыңар, азаматсыңар! Баракелди! Силерге рахмат!

Ошентип, сабактын аягында мындай ангемелешүү балдардын көнүлүн көтөрөт, кубандырат, тарбиячынын балдарга болгон жылуу мамилесин белгилейт.

**Пайдаланган адабияттар:**


1. Амонашвили Ш.А. В школу – с шести лет. – М.: 2002.
2. Аникеева Н.Б. Воспитание игрой: Книга для учителя – М.: 1987.
3. Ибраева Н. Касымов А. Математика - окуучулардын логикалык ойлоосун калыптандыруучу булак. // Эл агартуу, №10. 1991.
4. Математика от трёх до семи / учебное методическое пособие для воспитателей детских садов. – М.: 2001.
5. Михайлова З.А. Игровые занимательные задачи для дошкольников. – Книга для воспитателя дет.сада. – 2-е изд., дораб. – М.: Просвещение, 1990.
6. Өмүралиева Э.К. Мектепке чейинки даярдоо тайпасына математика сабагы боюнча окуу- методикалык иштелмелер. Бишкек, 2018.


**Рецензент: к.п.н., доцент Тунгатарова Н.К.**